Бектилди:
КР ССМнын 2020-жылдын
«_____»____________
№_______ буйругу менен

# СТАНДАРТТЫК ОПЕРАЦИЯЛЫК ПРОЦЕДУРА
# ПУЛЬСТУ ИЗИЛДӨӨ

Импульсту изилдөө - Стандарттык операциялык процедура (мындан ары - СОП) эл аралык сунуштамалардын жана жергиликтүү ченемдик-методикалык документтердин негизинде иштелип чыккан.

## ДАЙЫНДОО:

СОП ишти уюштуруунун тартибин аныктайт, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыздоо системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бардык адистердин иш-аракеттерин стандартташтырууга, ошондой эле ишти аткаруу учурунда кетирилген каталар менен байланыштуу тобокелдиктерди азайтууга багытталган.

## АТКАРУУ БОЮНЧА ТАЛАПТАР

Аракеттенүү мезгилинде СОПту аткаруу милдеттүү болуп саналат, аны аткаруудан баш тартуунун жүйөөсү айтылып, документке түшүрүлүп, КР Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашуусу зарыл. Зарылчылыгына жараша СОП кайрадан каралып чыгып, КР ССМнын макулдугу боюнча өзгөртүлүүсү ыктымал.

**Пульсту текшерүү орду:** кар жилик артериясы, чыкый артериясы, уйку артериясы, кашка жилик артериясы, тизе астындагы артерия, таман бетиндеги артерия.

**Пульстун параметрлери:** ритм, жыштык, чыңалуу, чоңдук.

**Жабдылышы:** секунда көрсөтүүчү жебелүү саат, бейтап же динамикалык байкоо жүргүзүү баракчасы

**Аракеттердин алгоритми:**

1. Бейтап тынч абалда тургудай болсун.
2. Бейтапты отургузуңуз же жаткырыңыз. Мындай шартта колдору бош абалда болсун.
3. Баш бармак чыканак, ал эми калган манжалар алакан тарабында болгудай кылып, бейтапты билек туштан кармаңыздар.
4. Билек артериясын II, III жана IV манжалар менен кысып, тамыр кагуучу (пульсация) жерди аныктаңыздар (сүрөт).




Пульсту аныктоо техникасы:
а – билек артериясында; б – чыкый артериясында; в – уйку артериясында

5. Пульстун бардык параметрлерин аныктаңыздар:

**Ритм –** бул пульстук толкундар ортосундагы убакыт аралыгы. Эгерде пульстук толкундар ортосундагы убакыт аралыгы бирдей болсо, анда пульс ритмдүү же туура, эгерде аралыктар бирдей болбосо пульс аритмиялуу же туура эмес.

**Пульс жыштыгы** – бул 1 мүнөт ичиндеги пульстук толкундардын саны, өз кезегинде ал жүрөк жыйрылууларынын жыштыгына дал келет жана жаш куракка көз каранды:

- ай-күнүнө жетип төрөлүшкөн ымыркай балдарда мүнөтүнө - 120 – 140 кагуу;
- 1 жашында - 110 - 120;
- 5 жашында -100;
- 10 жашында -90;

– 12 - 13 жашында - 80 - 70;
– Өспүрүмдөр менен бойго жеткендерде мүнөнтүнө - 60 - 90.

1 мүнөт ичиндеги тамыр кагуусунун жыштыгы 90 удардан жогору болсо – тахикардия, 60 удардан аз болсо – брадикардия деп аталат.

Эгерде пульс ритмдүү болсо, анда тамыр кагуусунун жыштыгын 1/2 мүнөт ичинде эсептеп чыгып 2ге көбөйтөбүз. Эгерде тамыр кагуусу аритмиялуу болсо, анда тамырдын кагышын 1 мүнөт боюу кезек-кезеги менен колдун экөөнөн тең өлчөп, андан алынган жыйынтыктыкты кошуп, аны 2ге бөлөбүз.

**Пульстун чыңалышы** жүрөктүн систола мезгилиндеги жыйрылуу мүмкүнчүлүгүнө, тамыр аркылуу айдалып жаткан кандын өлчөмүнө, кан тамырлардын тонусуна көз каранды. Тамырдын кагышын сезүү үчүн билек артериясын билек сөөгүнө кысууда жумшалып жаткан күчтүн негизинде аныктаңыздар. Күч канчалык аз болсо, пульс ошончо жакшы, ал эми күч канчалык аз болсо пульс азыраак чыңалат. Чыңалуу боюнча пульс толук же бош деп мүнөздөлөт.

**Тамыр кагуусундагы чыңалуулар систоликалык артериалдык кан басымына көз каранды. Пульстун чыңалуусу** тамырдагы пульсту толук токтотуу үчүн билек артериясын кысууга багытталган күчтүн өлчөмү менен аныкталат. Эгерде артериалдык басым нормалдуу болсо, артерия орточо күч жумшоо менен эле кысылат – бул орточо чыңалуу пульсу деп аталат. Артериалдык басым жогору учурларда артерияны кысуу кыйыныраак жана мындай пульс чыңалган же катуу деп аталат. Артериалдык басым төмөн учурларда артерия жеңил кысылат – пульс жумшак же жип сымал деп аталат (шок учурунда жана төмөнкү АБда).

**Пульстун чоңдугу –** пульстун чыңалуусуна көз каранды. Жакшы чыңалуулардын пульсу чоң, ал эми анчейин чыңалуулардыкы – кичи деп аталат. Эгерде пульстук толкундардын чоңдугун аныктоо кыйынчылыктар менен коштолсо, анда мындай пульс жип сымал деп аталат.

6. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгын сандык жазуулар менен медициналык же амбулатордук картага жазыңыздар (Ps = 72 кагуу 1мүнөт ичинде, ыргактуу, толук, орточо деңгээлде чыңалган, чоң).

7. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгын температуралык баракчага жазыңыздар (графикалык жазуу). Көңүл буруңуздар – бир клетканы 100гө чейин бөлүүнүн наркы 1барабар, ал эми 100дөн жогору болсо – 1 мүнөтүнө 4 соккуга барабар.

**Эскертүү:**

- Эгерде текшерүү учурунда пульстун аритмиялуу же жип сымал экендиги аныкталса, анда бул тууралуу дарыгерге дароо билдириңиздер.
- Эгерде билек артериясындагы пульсту текшерүү кыйынчылык жаратса (гипс таңгычы, күйүктөр, травмалар ж.б.), анда пульсту кезек-кезеги менен уйку артериясында текшериңиздер, мында артерияны катуу кысууга болбойт. Катуу кысуу учурунда жүрөк иши дароо жайлап, токтоп калуу, артериалдык басым кескин түшүп кетүү өңдүү тобокелдиктер менен коштолуусу ыктымал. Мындан сырткары, текшерилип жаткан адамдын башы айлануусу, эс учун жоготуп жыгылуусу, калтыратмалардын коштоосу мүмкүн.

**Балдардын пульсун текшерүүдөгү өзгөчөлүктөр:**

- жаңы төрөлүшкөн ымыркай балдардын пульсу ийин артериясында аныкталат;
-2 жашка чейинки балдардыкы чыкый артериясында;
- 2 жаштан жогорку курактагы балдардыкы каржилик артериясында.
- 1 мүнөт ичиндеги пульсту эсептеп чыгыңыздар (балдарда пульс ритмдүү эмес)